**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер Академиясынын**
**философия жана саясий-укуктук**
**изилдөөлөр институтунун**
**директорунун милдетин аткаруучу,**
**ф.и.д., профессор**
**_____________ Н.К. Саралаев**
**"_17_" ___10___ 20_18_ -ж.**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн кеңейтилген отурумунун №_____**
**ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

**Бишкек ш.** "_16_" __10__ 20_18_-ж

**Катышкандар:** Отурумдун төрагасы – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн башчысы, ю.и.д. Токтогулов А.А. (12.00.02.), КРнын УИАнын мүчө-коррес. ю.и.д. профессор Арабаев Ч.И. (12.00.01.), ю.и.д. профессор Джоробекова А.М. (12.00.08), ю.и.д. Адамбекова А.Д. (12.00.01.), ю.и.к. Есенов У.А. (12.00.01; 12.00.08), ю.и.к. Орозбаева Г.Б. (12.00.01; 12.00.08.), ю.и.к. Жеенмырзаева Б.Ж. (12.00.14) а.и.к., ю.и.к. Турсунакунов С.Т. (12.00.08.), ю.и.к. Рыскулов Ш. (12.00.02.), и.к. Конокбаев Т.А., и.к. Самудинов М.М., ф.и.к., а.и.к. Смутко А.Н., к.и.к. Жаркимбаева А.К., к.и.к. Калыбек к З., к.и.к. Аскарова Н.

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

"Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери" деген темадагы изденүүчү Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо жана аны коргоого сунуштоо.

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы, укук бөлүмүнүн башчысы, юридика илимдеринин доктору Токтогулов А.А.:** Урматтуу кесиптештер! Күн тартибинде, профессор, юридика илимдеринин доктору

А.М. Джоробекованын жетекчилиги астында, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндо аткарылган “Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери” деген темадагы изденүүчү Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын кандидаттык диссертациялык ишин талкуулоо.

Кафедранын кеңейтилген отурумун өткөрүү үчүн кворум жетиштүү. Каршылык жок болсо, сөздү А.Э. Сулаймановага берүүгө уруксат этиңиздер.

**Сулайманова А.Э.:** Урматтуу төрага, урматтуу меймандар, кесиптештер, “Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери” темасында жасалган диссертациялык ишти таанышуу, талкуулоо үчүн убакыт бөлүп, көңүл бурганыңыздарга ыраазычылыгымды билдирем. Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Вандализм бул, жазык мыйзамы менен корголгон коомдук тартипке каршы жасалган коомдук коркунучтуу жосун болуп саналат. Белгилеп кетчүү нерсе, вандализмдин курамындагы негизги элементи, кылмыштардын артүрдүүлүгү катары түздөн түз объектиси болуп, кылмыштардын жосуна багытталган мамилелерди мүнөздөөчү болуп эсептелинет. Ошону менен бирге кылмыштын объектисин аныктоодо керектүү мааниге ээ, теоретикалык жана практикалык багыттан да, вандализмдин социалдык себептерин аныктоого, вандализм менен күрөшүүдө жана алдын алууда, керектүү иш чараларды иштеп чыгууда түрткү берет. Кылмыштын объектиси жосундун канчалык даражада кооптуулугун аныктоодо жардам берет, ошондой эле анын квалификациясына таасирин тийгизет.

Белгилей кетчүү нерсе, вандализмди жасаган адамдар белгилүү өзгөчөлүккө ээ. Биринчиден, укук бузуучу кыймыл аракеттери, башка мыйзам бузуучуларга караганда эрте ойгонот. Экинчиден, вандализмди жасаган адамдар, стабилдүүлүгү жок криминалдуу багыты менен айырмаланат, муктаждыктары болсо чектелген жана жөнөкөй, социалдык баалуулуктардан ажыраган. Үчүнчүдөн, вандализмди жасаган адамдар, эреже катары, чоң эмес кылмыштуулук тажрыйбалары жана стереотиптери коомго каршы аракеттери, үй-бүлөсү жана жакындары менен болгон социалдык байланыштын начар болгону, туруктуу жумушу жана жашаган жеринин жоктугу, ошондой эле психикалык кыйшаюусунун бар болуусу көзгө урунуп турат.

Бул адамдардын коомго каршы аракеттери үй-бүлөдөгү тарбиялоонун маселелерин, педагогикалык жактан начарлагандыгын, криминалдык чөйрөдө болгондугун, муктаждыктарын канааттандырбагын мүнөздөйт.

Керектүү маанилүүлүгүн аныктоодо психикалык негиздеги укукка каршы аракеттер, вандалисттик калоолору мындай өзгөчөлүктөргө ээ. Жогорку даражадагы сезимдин туудуруусу жана башкалардын кыймыл

аракеттерин тууроо, жалпы кызыкчылыкка ээ болгон кичинекей топ уюмдарын түзүү, ал жерде кол башчысын аныктоо жана коомго болгон көз караштарын, «эмне жакшы жана эмне жаман» башкача айтканда топтук мораль калыптандыруу. Мындай топтордо, топтук кепилдик сезимдердин пайда болуусун туудуруп, достуктун жалган сезимдеринин жана коллективдүү жоопкерчиликтеринин себебинен, коомдогу кабыл алынган чектөөлөрдү жана эрежелерди кабыл алышпайт. Ошонун негизинде вандализм билип туруп жана түздөн түз ниет менен жасалат. Бул кылмыштын себеби ээн баштык каалоолору, диний ой пикирлери, коомго болгон ачуулануулары, өздөрүн көрсөтүү аракеттерин кылуу, ошондой эле саясий мүнөздөгү себептери, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынан өч алуу болуп саналып, ал эми вандализм үчүн жазык жоопкерчилик жашы он төрт жаштан башталат.

Изилдөө методологиясы. Мамлекеттик теорияда жана методология укугунда түзүлгөн, тарыхый процесстерди изилдөө, тарыхый, системдүү, түзүмдүк-функционалдык, салыштырма, конкреттүү-социологиялык, статистикалык сыяктуу ыкмалар көйгөйлөрдү объективдүү, ар тараптуу изилдөөгө багытталган. Алардын ар бирин колдонуу, диссертацияда жашырылган изилдөө милдеттеринин маанисине жана мүнөзүнө, ошондой эле, коомдук өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарына таасир берүү, б.а. юридика илими үчүн диалектика ыкмасынын жалпы позициясын колдонуу менен шартталган.

Диссертациялык иштин булактары, ар кандай тарыхый, архивдик, укуктук материалдарды, анын ичинен мурун жарыялангандардын кеңири чөйрөсүн берет.

Аткаруу бийлигинин ишинин конкреттүү өзгөчөлүгүн чагылдырган документтер изилденген, негизинен, укук коргоо органдарыныкы, ага Совет бийлигинин тиешелүү декреттери, борбордук мамлекеттик жана партиялык органдардын резолюциялары жана токтомдору, алардан директивалары жана жериндеги циркулярдык каттары кирген, бул болсо, биринчи жылдары Совет бийлиги жүргүзгөн саясий-укуктук саясат карама-каршылыктуу, бирок Кыргызстандагы мамлекеттик бийликти чыңдоонун бирдиктүү процессинин өзгөчөлүктөрүн чагылдырган ыкмаларды изилдөөгө мүмкүндүк берген.

Тандалган теманы изилдөөдө, анын принципиалдык жоболорун жана корутундуларын негиздөөдө маанилүү ролду биринчи материал катары теоретикалык жана материалдык изилдөөлөр ойногон. Жарыяланган иштерден жана документтерден сырткары, булактардын маанилүү жана негизги тобун, мамлекеттик жана ведомстволук архивдерден: Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен документтер жана материалдар көрсөткөн.

Жогоруда жазылгандардын бардыгы, накта изилдөө темасын тандоону алдын ала аныктаган, биздин пикирибизче, теоретикалык жана практикалык мааниси бар.

**Диссертациянын темасы менен илимий изилдөө иштеринин байланышы.**

Бул иштин чегинде жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө демилгелүү болуп эсептелет.

**Төрага: -** Рахмат, биз изденүүчүнүн баяндамасын уктук. Эми изденүүчүгө кимдин кандай суроосу бар?

**ю.и.д., у.и.к. Адамбекова А.Д.:** Кызыктуу жана татаал тема боюнча түйшүктүү иш кылынганы көрүнүп турат. Иштин теориялык мүнөзүн эске алуу менен, сиздин изилдөөңүздүн негизги жоболору апробациядан кандай өттү?

**Сулайманова А.Э:** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, изилдөөнүн негизги жоболорун жарыялоо жолу менен жүзөгө ашырылды. Диссертациялык иштин жыйынтыктары эл аралык илимий-практикалык конференциялардын докладдарында колдонулду. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана материалдары Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясында “Мамлекеттин жана укуктун теориясы” сабагы боюнча угуучуларга жана студенттерге сабак өтүүдө жана сабакка даярданууда пайдаланылды.

**ю.и.к. Жеенмырзаева Б.Ж.:** Вандализм башка кылмыштардан жана административдик аралаш укук бузуулардан кандай мүнөздөгү айырмалычыктарга ээ?

**Сулайманова А.Э:** Вандализмде жасалган кыймыл аракеттер башка кылмыштардын курамы менен окшоштукка ээ болгондугун жана бул нерселерге чектөөлөрдү коюунун зарылдыгын эске алуу керек.

Вандализмдин хулиганчылыктан негизги чектөөдөгү айырмачылыгы башка бирөөнүн буюмуна жок кылуу же зыян келтирүү (Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 234 б.) вандализмдин курамында азыраак интенсивдүү жана коомдук кооптуу мүнөздөгү аракеттерден жана натыйжалардан, ошондой эле вандализмдин мүнөзү болуп саналбаган хулиганчылыктын коомдук түрүндөгү жасалган кыймыл аракеттерден турат.

Вандализм буюмдарды билип туруп жок кылуу же зыян келтирүү менен айырмаланып, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 174 беренесинде каралгандай кылмыштын объектиси менчик болуп саналат жана бул курамдагы керектүү негизги коомдук кооптуу натыйжалардын мүнөзү болуп маанилүү зыян келтирүү деп эсептелинет.

Вандализм менен билип туруп жок кылуу же тарых маданияттарынын эстеликтерин бузуу (Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 175 б) жана өлгөн маркумдардын денесин жана

көмүлгөн жерлерин мазактоо (Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 263 б) арасындагы чектөөлөрдү беренелерге ылайык көрсөтүлгөндөй кылмыштын объектисинен, аркандай предметтердин белгилеринен жана кылмыштын жеринен жүргүзүү керек.

Аралаш административдик укук бузуулардан вандализм биринчиден жогорку даражадагы коомдук коопсуздук, моралдык жана материалдык зыян келтирүү маанисине ээ болгон жагы менен айырмаланат.

Белгилей кетчүү нерсе, кылмыш-жаза кодексинин главаларына ылайык жайгаштырылган ырааттуулук кол салуу объектисинин социалдык баалуулугунун маанилүүлүгүнөн көз каранды.

Мындай олуттуу коомдук кооптуу кылмыштардын жайылгандыгынын маанилүүлүгүн эске алсак, вандализм өлгөн маркумдардын денесин жана көмүлгөн жерлерин мазактоодо аз маани берет. Өлгөн маркумдардын денесин жана көмүлгөн жерлерин мазактоонун аралаш кылмыштардын курамынан айырмасы, көбүнчө вандализмден, кылмыштын предмети катары да жүргүзүүгө болот. Жок кылуунун, зыян келтирүү жана кор кылуунун предмети (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 263 б) – өлгөндөрдү көмүү же аларды эскерүү аземдерин өткөрүү үчүн көмө турган жерлер, мүрзө курулуштары жана мазар имараттар: мазар чиркөөлөрү, көмүү жерлери, ошондой эле өлгөн адамдардын көмүү үчүн топурак салгынган кутуларды аза тартуу дубалдары, крематорийлер жана көмүү аземин өткөрүүгө байланышкан жана башка нерселер.

**а.и.к., ю.и.к. Турсунакунов С.Т.:** Бардык илимий изилдөөлөрдүн баалуулугу жаңы сунуштарды, ачылыштарды, жаңы ыкмаларды ж.б. иштеп чыгуудан турат. Сиздин изилдөөңүздө алар кандай?

**Сулайманова А.Э:** Диссертациянын илимий жаңычылдыгы, биринчи жолу диссертациялык иштин деңгээлинде Кыргызстанда вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери негизинде комплекстүү түрдө изилдөө жүргүзүлдү. Жалпы жолунан илимий жаңычылдык жүргүзүлгөн изилдөөнүн, ошондой эле коргоого сунушталып жаткан жобонун жыйынтыктарында чагылдырылат.

**Отурумдун төрагасы, укук бөлүмүнүн башчысы, юридика илимдеринин доктору Токтогулов А.А.:** Дагы суроолор барбы? Суроолор жок болсо – талкууга өтсөк. Сөз илимий жетекчи, ю.и.д., профессор А.М.Джоробековага берилет:

**Джоробекова А.М.:** Урматтуу кесиптештер! 2013-жылдан бери А.Э. Сулайманова ушул тема боюнча өтө үзүрлүү иштеп келе жаткандыгын белгилеп коюшум керек. Тема өтө актуалдуу, азыр эле өзүңүздөр көргөндөй, тема өтө кызыктуу ошону менен бирге эле өтө татаал. Бул изилдөөдө изденүүчүгө коюлган маселелер толугу менен аткарылды.

Бул тема боюнча өзүңүздөрдүн сунуштарыңыздар жана эскертүүңүздөр болуп калышы мүмкүн, жакшы карап, талкуулап берүүңүздөрдү өтүнөм.

**Токтогулов А.А. (төрага):** Кийинки сөз талкуулоо үчүн ю.и.д., у.и.к. А.Д.Адамбековага берилет.

**ю.и.д., у.и.к. Адамбекова А.Д.:** Талкууга коюлган диссертация Кыргызстанда вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери биринчи жолу комплекстүү изилдөөнү өзүно камтыйт.

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанилүүлүгү, анын жыйынтыктары, мамлекеттин жана укуктун теориясынын бир нече теориялык жоболорунун өнүгүшүнөн турат, Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин юридикалык чөйрөсүн жакшы түшүнүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондуктан бул илимий изилдөөнүн жаңычылдыгы талашсыз.

**Токтогулов А.А. (төрага):** Сөз ю.и.к., у.и.к. У.А.Есеновго берилет.

**ю.и.к., у.и.к. У.Есенов:** Мен макулмун жана кесиптештердин оюна кошулам. Менде эскертүү жок, иш бардык талаптарга жооп берет, ишти коргоого сунуштайм.

**Токтогулов А.А. (төрага):** Сөз ю.и.к., у.и.к. Т.А. Конокпаевге берилет:

**Конокпаев Т.А. у.и.к.:** Талап кылынган илимий деңгээлде чоң иш кылыныптыр, иш даяр. Кыргызстандан, Россиядан, Казахстандан чыккан ар түрдүү пландагы, көптөгөн булактар колдонулган. Мен бул ишти коргоого сунуштайм, ал бардык талаптарга жооп берет.

**Рыскулов Ш., ю.и.к., и.к.:** Мен дагы кесиптештер менен макулмун. Менин эскертүүм, колдонулган адабияттардын техникалык жасалгаланышы ЖАКтын талаптарына туура келбейт. Иштин көлөмү – өтө эле чоң, ал да Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына туура келбейт, мындайча айтканда, иштин көлөмүн кичине азайтышыңыз керек. Жалпы жолунан чыгып сүйлөгөндөрдү мен да колдойм жана ишти коргоого сунуштайм.

**Токтогулов А.А. (төрага):** Мен да чыгып сүйлөгөндөрдү колдойм жана ишти, айтылган эскертүүлөрдү эске алуу менен, коргоого сунуштайм.

Дагы каалоочулар барбы? Эгер жок болсо, уруксат берсеңиздер жыйынтыгын чыгарсак. Изденүүчүнүн биздин айткан сунуштардын үстүнөн иштегенге мүмкүнчүлүгү бар деп ойлойм. Айтылган сунуштар туура, иш жогорку илимий деңгээлде жазылган, кандидаттык диссертацияга койгон ЖАКтын талаптарына жооп берет жана коргоого сунушталат. Изденүүчүдөн биздин эскертүүлөрдү эске алуусун өтүнөм. Добуш берип коюңуздар – изденүүчү А.Э. Сулаймpraованын диссертациялык иши, айтылган эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алуу менен коргоого сунушталсын дегендер добуш берип коюңуздар. Башка

сунуштар жокпу? Бул сунушка макулмун дегендер добуш берип койсоңуздар.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмү төмөнкүгө келишти

## КОРУТУНДУ:

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

“Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери” деген темадагы изденүүчү Сулайманова Айнура Эртабылдиеванын диссертациясынын темасы Кыргызстандын шартында актуалдуу болуп эсептелет. Сунушталган иш, ошол адистиктин багытында көйгөйлөрдү чечүүнүн биринчи тажырыйбасы болуп саналат.

Диссертациянын илимий жаңычылдыгы, биринчи жолу диссертациялык иштин децгээлинде Кыргызстанда вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери боюнча комплекстүү изилдөө жүргүзүлдү.

Жалпы жолунан илимий жаңычылдыгы жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарында, ошондой эле коргоого чыгарылып жаткан жоболордо чагылдырылат.

Диссертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылышы. Негизги жоболор, корутундулар жана сунуштар, автор жарыялаган 8 илимий макалаларда чагылдырылды.

А.Э. Сулаймановanын диссертациялык ишин талкуулоо учурунда **иштин мазмуну боюнча төмөнкүдөй эскертүү** берилди:

1. Мурдагы колдонулган ченемдик укуктук актылардагы шилтемелерди учурдагы мыйзамдарга ылайык келтирсин.
2. Иштин көлөмүн кичине азайтуу зарыл жана Кыргыз Республикасынын ЖАКтын кандидаттык диссертацияларды жасалгалоого койгон талаптарына ылайык колдонулган булактардын тизмесин жасалгаласын.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерге карабастан, юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн сунуштаган “Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери” деген темадагы изденүүчү Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын диссертациялык иши: 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы, мамлекет жана укук жөнүндө окуунун тарыхы адистигине толук ылайык келет.

Кыргыз Республикасынын УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун укук бөлүмү юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн коргоого сунуштайт.

**АНЫКТАДЫ:**

1. 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы, мамлекет жана укук жөнүндө окуунун тарыхы адистиги боюнча “Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери” деген темадагы Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын диссертациясын талкуулоонун корутундусу бекитилсин.
2. Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын диссертациялык иши жактырылсын жана 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы, мамлекет жана укук жөнүндө окуунун тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн эл алдында коргоого сунушталсын.

Төрага
Кыргыз Республикасынын
УИАнын философия жана саясий-укуктук Институтунун
укук бөлүмүнүн башчысы
ю.и.д., а.и.к. А.Токтогулов

Катчы
ф.и.к., а.и.к. А.Н. Смутко

А. Токтогуловдун
Азарханова
17.10.2018